


Peace Corps
KYRGYZ REPUBLIC

# 2024
## Жылдык отчет

Peace Corps
KYRGYZ REPUBLIC

# Мазмуну:


04 Тынчтык Корпусунун мүдүрүнүн кайрылуусу

06 Тынчтык Корпусу тууралуу жалпы маалымат

07 Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусу

08 Тынчтык Корпусунун ыктыярчысы болууга талаптар

09 Кыргыз Республикасында иштөөгө даярдоо жана кызмат учурундагы тренингдер

10 Англис тилин чет тили катары окутуу

13 Тынчтык Корпусунун жаңы пилоттук виртуалдык кызмат программасы

14 Кыргызстандагы Тынчтык Корпусунун жаңы эко-туризм боюнча программасы

15 Тынчтык Корпусунун чакан гранттар программасы

20 Ийгилик окуялары

30 Үй-бүлөлөргө жана жамааттарга ыраазычылык





# Тынчтык Корпусунун **мүдүрүнүн кайрылуусу**

Тынчтык Корпусу жана анын өнөктөштөрү өздөрүнө жогорку, кээде ишке ашырууга мүмкүн болбогон талаптарды коюп бийик максаттарга жетишет. 2024-жылы, биз, ыктыярчылардын жана алар иштешкен жамааттардын санын 2020-жылга чейинки деңгээлге жеткирүү максатыбызга жетиштик. Кыргызстанда ыктыярчылардын санын эки жылдын ичинде, 2022-жылдын июнунан 2024-жылдын июнуна чейин нөлдөн 60ка жеткире алдык. Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусу ыктыярчыларга, студенттерге, мугалимдерге, мектеп директорлоруна, кабыл алуучу үй-бүлөлөргө, Кыргыз өкмөтүнө жана экотуризм боюнча өнөктөштөргө ыраазычылык билдирет.

Тынчтык Корпусу менен кыргыз коомчулугунун кызматташтыгы да өстү. 2024-жылдын январь айында жети экотуризм боюнча адис ыктыярчылар Кыргызстанга келишти. Бул адис ыктыярчылар Кыргызстандагы коомчулукка багытталган туруктуу туризмге колдоо көрсөтүү үчүн Коомчулукка Негизделген Туризм Кыргыз Ассоциациясы, “Destinations Kyrgyzstan” жана башка туризм боюнча уюмдар, жергиликтүү жана аймактык бийлик өкүлдөрү менен биргеликте иштешти.

Биз, 2024-жылдын августунда 30-ыктыярчылар тобунун (К-30) ант берүү аземин белгиледик. Бул Ош, Жалал-Абад, Чүй, Ысык-Көл, Нарын жана Талас облустарындагы ыктыярчылардын жалпы

санын 60ка жеткирди. К-30 жана К-29 топторунун ыктыярчылары англис тилин окутуу долбоорунун ыктыярчылары. Өлкө боюнча мектеп окуучуларына жергиликтүү мугалимдер менен бирге англис тилин үйрөтүүдөн тышкары, биздин ыктыярчылар окуучуларга жана башка коомчулуктун мүчөлөрүнө англис тилин үйрөнүүгө жана практикалоого жардам берүү үчүн англис тили боюнча ийримдерин жана башка иш-чараларды өткөрүштү. Ошондой эле, англис тилин окуутуу долбоорунун ыктыярчылары жана адис ыктыярчылар Тынчтык Корпусунун каржылоосу менен чакан долбоорлорду пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн өз жамааттары жана кесиптештери менен иштешти. 2024-жылы мектептерди англис тили боюнча жаңы окуу китептери менен камсыз кылуу, класстарды заманбап жабдылоо, маалыматтык технологиялар боюнча мугалимдерди окутуу, желим бөтөлкөлөрдү кайра иштетүү программасы жана туризмди өнүктүрүү багытында велосипед менен саякаттоо программасы сыяктуу долбоорлор ишке ашты.

Мындай ийгиликтер ыктыярчылардын, мектеп мүдүрлөрүнүн, кабыл алуучу үй-бүлөлөрдүн, туруктуу туризм боюнча өнөктөштөрдүн, ошондой эле Билим берүү жана илим министрлигинин жана Тышкы иштер министрлигинин колдоосусуз ишке ашышы мүмкүн эмес эле. Келе жаткан жылы Кыргызстандагы Тынчтык Корпусунун негизги багыттары болуп, өлкөнүн бүткүл аймагындагы жамааттар менен, анын ичинде билим берүү жана туруктуу туризм чөйрөлөрүндөгү байланыштарыбызды кеңейтүүнү жана тереңдетүүнү улантуу; Кыргыз өкмөтүнүн өтүнүчү менен Кыргызстанга көбүрөөк ыктыярчыларды тартууну канааттандыруу; Азыркы жана болочоктогу өнөктөштөр менен кыргыз өкмөтүнүн улуттук артыкчылыктарын колдогон кызматташуунун жаңы багыттарын изилдөө; Кыргызстандагы Тынчтык Корпусун ыктыярчылар үчүн мындан дагы коопсуз жана пайдалуу тажрыйбага айлантууга жардам берүү болуп эсептелет. Биз, март айында экотуризм боюнча ыктыярчылардын кезектеги тобун, ал эми июнь айында англис тили боюнча ыктыярчылардын К-31 тобун чыдамсыздык менен күтүп жатабыз.



Тынчтык Корпусу жана биздин жергиликтүү өнөктөштөрүбүздүн 2024-жылдагы жетишкендиктери тууралуу бул отчет сизди социалдык тармактарда бизди колдоого, Кыргызстанды кыдырууга, командабызга кошулууга дем берип, бизге жана өнөктөштөрүбүзгө мындан да бийик максаттарга жетүүгө жардам берет деп ишенебиз. Биз Америка Кошмо Штаттары менен Кыргыз Республикасынын элдеринин ортосундагы өз ара түшүнүшүүнү, кызматташтыкты жана достукту чыңдоо максатыбыз мындан да жогору жыйынтыктарга алып келет деп үмүттөнөбүз.

*Хойт Брайн Йии*
*Кыргыз Республикасындагы*
*Тынчтык Корпусунун мүдүрү*

# Тынчтык корпусу тууралуу **жалпы маалымат**

Тынчтык Корпусу - АКШнын көз карандысыз, саясий жана диний эмес мамлекеттик агенттиги. Бул уюм дүйнө жүзү боюнча билимдүү адистерге муктаж болгон өлкөлөргө ыктыярчыларды жиберет. "Тынчтык Корпусун" жаратуу идеясы 1960-жылы Мичиган студенттерин тынчтык жана достук миссиясы менен башка өлкөлөргө барып, өз мекенине кызмат өтөөгө чакырган сенатор Джон Ф. Кеннедиге тиешелүү болгон. 1961-жылы Кеннеди АКШнын президенти болуп турганда, дүйнө жүзүндө тынчтыкты жана достукту чыңдоо үчүн Тынчтык Корпусун расмий түрдө негиздеген жана бул миссия азыркы күнгө чейин өзгөргөн жок. Тынчтык Корпусу дагы деле үч максатты көздөп келет, атап айтканда:




1. Кызыктар өлкөлөрдүн элдеринин билимдүү адистерге болгон муктаждыктарын канааттандырууга көмөк көрсөтүү.
2. Ыктыярчыларды кабыл алган өлкөлөрдүн элдерине Америка эли жана алардын маданияты тууралуу жакшыраак түшүнүүгө көмөктөшүү.
3. Америка элине башка өлкөлөрдүн элдерин жакшыраак түшүнүүгө көмөктөшүү.

Дүйнө жүзүндөгү Тынчтык Корпусунун Ыктыярчылары өздөрү кызмат кылган өлкөлөрдүн жергиликтүү калкы менен биргеликте иштеп, жашап жана алардын өнүгүүсүнө салым кошууга умтулушат. Алар мугалимдер, бизнес-консультанттар, жаштарды өнүктүрүү боюнча адистер, медициналык адистер, айыл чарба жана айлана-чөйрөнү коргоо кызматкерлери катары иштешет. Алар кабыл алуучу үй-бүлөлөрүнөн жана өнөктөштөрүнөн жаңы нерселерди үйрөнүүгө жана өзүлөрү иштеп жаткан өлкөлөрдүн маданиятына жуурулушууга умтулушат. Бардык ыктыярчылар кабыл алуучу мамлекеттин өкмөтүнүн чакыруусу менен иштешет жана кабыл алуучу уюм менен биргеликте иш алып барышат. Дүйнө жүзү боюнча Тынчтык Корпусунун программаларын каржылоо Америка Кошмо Штаттарынын Конгресси тарабынан бөлүштүрүлөт жана Америка жарандарынын салык төлөөчүлөрүнүн эсебинен жүргүзүлөт.

# Кыргыз Республикасындагы **Тынчтык Корпусу**






Кыргыз Республикасында АКШнын Тынчтык Корпусу 1992-жылы АКШ менен Кыргыз Республикасынын Өкмөттөрүнүн ортосунда кол коюлган келишимдин негизинде түзүлгөн. Ошондон бери Тынчтык Корпусунун 1300дөн ашык ыктыярчылары жана Пилоттук Виртуалдык Кызмат Программасынын (ПВКП) катышуучулары 130 000ден ашуун Кыргызстандыктарга англис тилин үйрөнүүгө, лидерлик жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жана коомдук долбоорлорго катышууга жардам беришти. Ыктыярчылар жергиликтүү кесиптештери менен тыгыз байланышта иштөө менен бирге, мугалимдерди даярдоо, лидерлик боюнча билим берүү, компьютердик сабаттуулук жана жаштарды өнүктүрүү боюнча иш-чараларды ийгиликтүү өткөрүштү.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусунун көпчүлүк ыктыярчылары жергиликтүү мугалимдер менен бирге англис тилин чет тили катары окутушат. Класста мугалимдердин жана окуучулардын потенциалын жогорулатуудан тышкары, көпчүлүк ыктыярчылар жайкы лагерлерге катышып, жаштарга турмуштук көндүмдөрдү, анын ичинде сынчыл ой жүгүртүүнү жана келечегин пландаштырууну үйрөтүшөт. Класста мугалимдердин жана студенттердин жөндөмдөрүн жогорулатуудан тышкары, ыктыярчылар өз жамааттары менен жергиликтүү муктаждыктарга жооп берген долбоорлордун үстүнөн иштешет. Өткөн жылы Тынчтык Корпусунун, Чакан Долбоорго Жардам жана Тынчтык Корпусунун Өнөктөштүк программаларынын каржылоосунун негизинде, ыктыярчылар жана алардын жамааттары 84,000 доллар/7,2 мл сомдон ашык грант алышып, заманбап технологияга жана окуу ресурстарына жеткиликтүүлүгүн арттырган долбоорлорго, өздөрү иштешкен мектептердеги билим сапатын жогорулатууга, жалпы жамааттык пайдалануу үчүн мейкиндиктерди түзүүгө жана айлана-чөйрөгө байланыштуу жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүүгө жумшашты.

# Тынчтык Корпусунун **ыктыярчысы болууга талаптар**

Кыргыз Республикасында Тынчтык Корпусунун ыктыярчысы болуу үчүн талапкерлер дыкат тандоодон өтүшөт. Кызматка чакырылган талапкерлер төмөнкү талаптарга жооп беришет:



- АКШнын жараны болуусу;
- Аккредитацияланган университеттин бакалавр даражасы;
- Медициналык текшерүү: физикалык жана психикалык жактан кызматка жарактуу экендигин тастыктаган документ, COVIDге каршы толук эмдөөдөн өтүүсү;
- Таржымалын текшерүү: жарандык, кесиптик жана финансылык мыйзам бузууларынын жоктугу;
- Тынчтык Корпусунун башкы кеңсесинин кызматкерлери менен аңгемелешүүдөн ийгиликтүү өтүүсү;
- Кыргыз Республикасында кызматка чейинки интенсивдүү даярдоо программасын ийгиликтүү аяктоосу тийиш;

# Кыргыз Республикасында **иштөөгө даярдоо жана кызмат учурундагы тренингдер**




Тынчтык Корпусунун ар бир ыктыярчысы эки жылдык мөөнөткө иштөөнүн алдында кызматка чейинки үч айлык тренингден өтөт. 2024-жылдын июнь айында Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусу англис тилин окутуу боюнча ыктыярчы болуп иштөөнү каалаган 22 жаңы стажерду тосуп алды. Тренинг стажерлор өлкөгө келгенге чейин эле, кыргыз тили жана маданияты боюнча онлайн сабактар менен башталган. Кызматка чейинки даярдоонун максаты – стажерлорду Кыргыз Республикасында ишке, жашоого, ден-соолугун сактоого жана коопсуздугун камсыз кылууга даярдоо болуп саналат. Ушул үч айдын ичинде алар кыргыз тилин үйрөнүшөт, жергиликтүү кесиптештери менен окутуу методикасын практикадан өткөрүшөт жана маданияттар аралык компетенттүүлүк жана маалымдуулук боюнча тренингден өтүшөт. Тренинг программасын ийгиликтүү аяктаган стажерлор гана ыктыярчы катары ант беришет.

Эки жылдык кызматташтыкта Тынчтык Корпусунун ыктыярчылары жергиликтүү англис тили мугалимдери менен окутуу методикасы, тажрыйба алмашуу, класстарды башкаруу, баалоо жана сабакты пландаштыруу сыяктуу көндүмдөр боюнча билимдерин бөлүшүшөт. Окуучуларга жагымдуу шарттарды түзүү максатында Тынчтык Корпусу мүдүрлөр, мугалимдер жана ыктыярчылар үчүн «Ынтымактуу мектептер» аттуу тренингин өткөрөт. Ал эми катышуучулар өз кезегинде жаңы идеяларын жана билимдерин жамааттын мүчөлөрү менен бөлүшүү үчүн тренингдерди өткөрүшөт. Жергиликтүү мугалимдер, жамаат-тын мүчөлөрү жана ыктыярчылар "Долбоорду иштеп чыгуу жана башкаруу" көндүмдөрүнө ээ болушат жана өз жамааттарын өнүктүрүүгө багытталган чакан гранттарга кайрыла алышат.



# Англис тилин
# чет тили катары окутуу

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен өнөктөштүктө Тынчтык Корпусунун “Англис тилин чет тили катары окутуу” (АЧКО) долбоору англис тилин окутуу көндүмдөрүн, методдорун жакшыртуунун натыйжасында мугалимдердин, окуучулардын жана жамаат мүчөлөрүнүн кесиптик, академиялык жана жеке мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнү максат кылат.

Тил үйрөтүүнүн коммуникативдик ыкмалары боюнча тренингден өткөндөн кийин ыктыярчылар жана жергиликтүү мугалимдер англис тили боюнча сабактарды чогуу пландаштырышат жана окутушат.




Ушундай жол менен Тынчтык Корпусунун ыктыярчылары жана өнөктөштөрү англис тили мугалими катары өз жөндөмдөрүн өркүндөтүшөт. Биргелешип пландоо жана биргелешип окутуу англис тилинде болот, андыктан жергиликтүү мугалимдер англис тилин практикалоо менен билимдерин өркүндөтө алышат. Жергиликтүү мугалим өнөктөштөр ыктыярчыларга класстан тышкаркы иш-чараларды, мисалы, англис тили боюнча ийримдерди, компьютердик тренингдерди жана жаштарды өнүктүрүү боюнча иш-чараларды уюштурууга жардам беришет. АЧКО ыктыярчылары жана өнөктөштөрү англис тилин окутуу ресурстарын түзүү же кеңейтүү, окуучуларга багытталган сабак пландарын түзүү жана классты башкарууда жаңы ыкмаларды киргизүү аркылуу мектептерине жардам берүү максатында чогуу иштешет. Ыктыярчылар жергиликтүү кесиптештери менен бирге жамаатка потенциалдарын жогорулатууга жана туруктуулукка багытталган чакан долбоорлор аркылуу максаттарына жетүүгө жардам беришет.

Азыркы учурда 44 ыктыярчы-мугалим Чүй, Нарын, Ысык-Көл, Талас, Ош жана Жалал-Абад облустарында кызмат өтөп жатат. 1993-жылдан бери 818ден ашык АЧКО долбоорунун ыктыярчылары 200 орто мектепте жана 15 университетте окутуучу болуп иштешкен.

# Мектептер ыктыярчыны кабыл алууга кантип арыз бере алышат?

Бардык АЧКО ыктыярчылары жамааттардын муктаждыктарын канааттандырууну көздөө менен учурда өлкөнүн айыльдык мектептеринде иштеп жатышат. Тынчтык Корпусунун ыктыярчысын кайда жайгаштыруу Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашылып чечилет. Ыктыярчыны кабыл алууга арыз берүү үчүн мектептер өздөрүнүн райондук билим берүү жетекчилигине (РББЖ) кайрыла алышат же Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусу менен бул kg-info@peacecorps.gov электрондук дареги аркылуу байланыша алышат.

Тынчтык Корпусунун өнөктөш мектептерди тандоо боюнча негизги критерийлери:

- Тынчтык Корпусунун ыктыярчысын кабыл алууга кызыккан мектептер өздөрүнүн райондук билим берүү жетекчилигине жана Тынчтык Корпусуна атайын анкетаны толтуруп жиберүүсү керек (kg-info@peacecorps.gov).
- Анкета жана Тынчтык Корпусунун ыктыярчысын кабыл алуу боюнча маалыматтарды төмөнкү даректен алса болот https://www.peacecorps.gov/kyrgyz-republic/about/.
- Тынчтык Корпусу өнөктөш мектептерди Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашуу жана төмөндөгү талаптарды эске алуу менен тандайт:
    - Мектепте ыктыярчы менен чогуу иштөөнү каалаган, жок дегенде 3 кесипкөй англис тили мугалимдеринин болуусу (бири негизги, эки запастагы);
    - Англис тили мугалими(дери) ыктыярчы менен биргеликте жумасына 18 сааттан кем эмес сабак бере алуусу;
    - Мектеп жана айыл жамаатынын ыктыярчыны кабыл алууга кызыгуусунун болушу;
    - Мектепке басып барууга мүмкүн болгон аралыкта жайгашкан кабыл алуучу үй-бүлөлөрдүн болушу;
    - Мектептин жана жамааттын Тынчтык Корпусунун ден-соолук, коопсуздук жана сактык боюнча талаптарына жооп бере алуусу;

Тандоо процессинде Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусунун коопсуздук кызматынын менеджери, медицина кызматкерлери, программа жетекчилери жана башка кызматкерлери жергиликтүү бийлик жетекчилери, мектеп жетекчилери жана жергиликтүү коомчулуктун мүчөлөрү менен жолугушууларды өткөрүшөт.

Peace Corps
KYRGYZ REPUBLIC

# Англис тилин чет тили катары **окутуу долбоорунун 2024-жылдагы негизги көрсөткүчтөрү**

## 1-максат:

Мугалимдердин жалпы жана/же англис тилин окутуу боюнча жөндөмдөрүн колдонуу потенциалын жогорулатуу

**91**

Жергиликтүү өнөктөш англис тили мугалими ыктыярчы менен биргеликте сабак өттү

## 2-максат:

Окуучулардын англис тили боюнча жетишкендиктерин жогорулатуу

**6678**

Орто мектептин окуучулары Тынчтык Корпусунун ыктыярчылары менен жергиликтүү мугалимдер биргелешип окуткан англис тили сабактарына катыша алышты

Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусу ыктыярчылардын жана жергиликтүү англис тили мугалимдери менен 2024-2025-окуу жылында жасаган жумуштарын жыйынтыктарын 2025-жылдын жылдык отчетунда https://www.peacecorps.gov/kyrgyz-republic веб-сайты аркылуу бөлүшөт.

2024-жылы, Тынчтык Корпусу ыктыярчыларга Ресурстар жана маалыматтар комитетин түзүүдө колдоо көрсөттү. Ыктыярчылар жетектеген комитеттин максаты – окуучулардын жетишкендиктери жөнүндө маалыматтарды чогултуу, класстык ресурстардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу, Тынчтык Корпусунун ыктыярчылары жана өнөктөштөрү үчүн гранттык колдоо ресурстарын иштеп чыгуу аркылуу Тынчтык Корпусунун англис тилин чет тили катары окутуу долбоорунун максатын колдоо болуп саналат. 2024-жылы Ресурстар жана маалыматтар комитети ыктыярчылардын таасирин өлчөө үчүн бир нече инструменттерди иштеп чыккан.

Бул куралдардын бири базалык сынак болгон. Бул 4 бөлүктөн турган сынак (угуу, окуу, жазуу, сүйлөө) окуучулардын бир жыл ичинде англис тилин канчалык деңгээлде өздөштүргөнүн түшүнүүгө багытталган. Ыктыярчылар сынакты адегенде сентябрда, анан апрель же май айларында өткөрүшөт. Ыктыярчылар экзамендердин жыйынтыктарын салыштыруу жана талдоо үчүн Ресурстар жана Маалыматтар Комитетине жөнөтүшөт. Бул талдоо ыктыярчыларга кайсы жерде окуучуларда кыйынчылык бар экендигин, кандай ийгиликке жеткенин жана жакшырганын түшүнүүгө жардам берген маанилүү маалыматтарды берет. 5 аймактан келген ыктыярчылар 1300дөн ашуун студенттин маалыматтарын беришти. Быйылкы окуу жылында дагы ыктыярчылар көбүрөөк базалык экзаменди өткөрүштү жана комитет тарабынан чогултулган маалыматтар мугалимдер менен студенттердин сабакта туш болгон кыйынчылыктары жөнүндө түшүнүк берүү менен АЧКО программасын бекемдөөгө жардам берет.

# Тынчтык Корпусунун жаңы пилоттук **виртуалдык кызмат программасы**

Тынчтык Корпусунун Пилоттук Виртуалдык Кызмат Программасы – бул Америкалыктардын Тынчтык Корпусунун долбоорлорун жана өнөктөштөрүн алыстан колдоо мүмкүнчүлүгү. Кыргызстанда Пилоттук Виртуалдык Кызмат Программасынын (ПВКП) катышуучулары 2021-жылдын февраль айынан тартып Кыргызстандын англис тили мугалимдери менен биргелешип окутууда. ПВКПнын биринчи катышуучулары Кыргызстандан пандемиядан улам эвакуацияланган ыктыярчылар болду. Бул ПВКПнын катышуучулары алар өлкөдөн чыгып кеткенге чейин иштешкен окуучулары жана мугалимдери менен Америка Кошмо Штаттарынан Zoom аркылуу байланышта болушту. Андан бери, 19 Тынчтык Корпусуна кайра келген ыктыярчылары жана башка квалификациялуу АКШ жарандары Кыргыз Республикасынын, алсак Баткен, Ош, Жалал-Абад, Нарын, Ысык-Көл жана Чүй областтарындагы сабактарга ПВКП катышуучусу катары катышышты. Азыркы учурда жергиликтүү англис тили мугалими жана ПВКПнын ыктыярчысынан турган беш жуп Кыргызстандын окуучуларын эң аз дегенде жумасына бир жолу англис тили боюнча иш-аракеттерге тартууда.

# Кыргызстандагы Тынчтык Корпусунун жаңы **экотуризм боюнча программасы**

2024-жылдын январь айында Тынчтык Корпусунун 7 адис ыктыярчысы Нарын, Ысык-Көл, Жалал-Абад, Ош жана Чүй облустарында экотуризм маркетинги боюнча бир жылдык ишин баштоо үчүн Кыргызстанга келишкен. Алар жаратылышка негизделген турларды өнүктүрүү, жергиликтүү жана эл аралык туристтерди тартуу үчүн натыйжалуу маркетинг стратегияларын түзүүгө көмөктөшүү, туризмдин жергиликтүү экосистемаларга тийгизген таасирин азайтуу






үчүн колдонмолорду жана мыкты тажрыйбаларды түзүүгө көмөктөшүү максатында Кыргыз Коомчулукка негизделген Туризм Ассоциациясынын өнөктөштөрү менен иштешүүдө. Ошондой эле алар жергиликтүү өнөктөштөргө англис тилин жакшыртууга жардам беришүүдө. 2024-жылы Тынчтык Корпусунун адис ыктыярчылары өздөрүнүн кабыл алуучу уюмдары менен жаңы тур продуктыларын иштеп чыгуу, санариптик контентти түзүү жана экотуризм стратегиясын иштеп чыгуу боюнча иштешти.

# Тынчтык Корпусунун **чакан гранттар программасы**

Тынчтык Корпусунун чакан Гранттары программасы ыктыярчылар жана алардын жамааттары үчүн чакан-масштабдагы долбоорлорду өнүктүрүү боюнча колдоо көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ыктыярчылар жана алардын кесиптештери муктаждыктарды аныктоо жана туруктуу өнүгүүнү колдогон долбоорлорду иштеп чыгуу үчүн коомчулук менен иштешет. Коомчулук ар бир долбоордун кыймылдаткыч күчү болуп саналат. Ыктыярчылардын жамааттары (мектептер, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, башка уюмдар) ээлик кылууну жана демилгелөөнү камсыз кылуу, ошондой эле долбоордун туруктуулугун жогорулатуу үчүн болжолдолгон жалпы гранттын наркынын кеминде 25% өз салымы катары кошушат. 2024-жылы ыктыярчылар жана алардын жамааттары жалпы суммасы 84,000 доллардан ашкан 26 гранттык долбоорлорду жазып, 5 аймактагы 48,000ден ашык адамга пайда алып келишти.

Аткарылды – **8**

Учурда ишке ашырылууда – **18**

Бөлүмдөр –
**Билим берүү,**
**Экономикалык өнүгүү,**
**Экология**

Жалпы
2024 –

**26**

Жалпы
каржылоо –

**$84,675.74/**
**7,265,178.49 сом**

# Адам, Тынчтык Корпусунун адис ыктыярчысы, Жалал-Абад облусу **Айлана-чөйрө программасы**

Тынчтык Корпусунун Өнөктөштүк программасы, кызмат көрсөтүүгө багытталган долбоорго жамааттан кеминде 25% салым топтолгондон кийин дароо колдоо көрсөтөт.



Бул шартты аткаруу менен биз рельефке ылайыктуу жана сапаттуу Shimano компоненттери (трансмиссия жана гидравликалык тормоздор) менен жасалган велосипеддерди, жалпы тейлөө жана дөңгөлөктөрдү чогултуу үчүн шаймандарды жана жергиликтүү үйлөрдү, ресторандарды, боз үй лагерлерин жана гиддерди колдонууну камтыган велосипед туризми үчүн пакеттерди алуу үчүн 3,000 долларды колдоно алдык. Бул пакеттер адаттагыдай туризм сунуштарына караганда бир топ жогору кирешеге ээ. Алсак, күйүүчү кен байлыктарды азыраак талап кылат, туристтик саякаттардын диапазонун кичине жамааттарга кеңейтет жана туристтерди кабыл алуучулар үчүн да, туристтер үчүн дагы азыраак инвазивдик жана ресурстарды сарптоо тажрыйбасын камсыз кылат.



# Жейкоб, Тынчтык Корпусунун ыктыярчысы, Нарын облусу **Билим берүү программасы**

Биздин мектепте англис тили ресурстук борборун түзүү үчүн Тынчтык Корпусунун, жергиликтүү лидерлердин, Америкалык демөөрчүлөрдүн колдоосу менен Тынчтык корпусунун өнөктөштүк программасы аркылуу $ 3,200/270,000 сомдон ашык каражатты ийгиликтүү чогулта алдык.

Акыркы бир нече айдын ичинде, биз - ресурстарды бөлүштүрүү, транспортту координациялоо, мектеп кызматкерлери менен кызматташуу, коомчулуктун колдоосун камсыз кылуу жана функционалдык макетти иштеп чыгуунун үстүндө үзгүлтүксүз иш алып бардык. Процесс үч тилде сүйлөшүүлөрдү, техникалык жабдууларды орнотууну жана коллективдеги көйгөйлөрдү чечүүнү камтыды. Октябрь айында ресурстук борборду расмий түрдө лента кесүү аземи менен ачып, мээнетибиздин туу чокусуна жеттик. Бул ресурстук борбор англис тилинде клубдар, тренингдер үчүн борбор катары колдонулуп келген болсо, учурда окуучулардын плакаттар сынагын өзүнө камтыган Хэллоуин сынагына даярдануучу борбор катары колдонулууда.




# Микаэла, Тынчтык Корпусунун ыктыярчысы, Ош облусу
# **Билим берүү программасы**



Бул жерде коомдук жана маданий иш-чаралар жогору бааланганлыктан, мектебимдин жамааты менен ийгиликтүү жолугушуу өткөргөндөн кийин, алар, эски театр залыбызды оңдоп-түзөөгө каражат жумшоону чечтик. Театрдын залында турган отургучтар эскирип, бүлүнүп, сынып калгандыктан, бардык окуучулар үчүн ыңгайлуу отургучтарды сатып алдык. Биздин театрда колонка жана микрофон жок болгондуктан, мугалимдер класстык иш-чара өткөрүшсө, алар колонкаларды 2000 сомдон ашуун акчага ижарага алып жүрүшкөн экен. Мындай кымбатчылык көп мугалимдерге өз класстары менен иш-чара өткөрүүгө тоскоол болгон, ошондуктан мектептин иш-чарасын өткөрүүгө зарыл болгон колонка жана микрофон менен камсыз кылуу зарылчылыгы туулду. Окуу жылынын башталганына бир нече ай гана болсо да, алынган мындай жаңы толуктоолор түрдүү иш-чара өткөрүү үчүн окуучуларды абдан кубантып толкундатканын байкадым.

Долбоордун иш жүзүнө ашышына менин мүдүрүм жана кесиптештерим активдүү катышышты; алардын тажрыйбасы, аракети жана колдоосу долбоор үчүн баа жеткис салым болду. Алар сатуучуларды таап, алар менен соодалашып, алына турган буюмдардын баасын төмөндөтүүгө зор көмөк көрсөтүштү. Алардын активдүү катышуусу, алардын биздин айылды жакшыртууга болгон умтулуусунун далили деп эсептейм.



# Алекс, Тынчтык Корпусунун ыктыярчысы, Нарын облусу
# **Билим берүү программасы**



Менин айылым, мени Тынчтык Корпусунун ыктыярчысы катары барган жылдын башынан эле укмуштуудай тосуп алып, мени менен ачык сүйлөшүп, мага колдоо көрсөтүп келет. Мындай мамилелер биринчи коомдук долбоорду баштоого түрткү болду. Айыл жамааты мектепте ар түрдүү иш-чараларды, мугалимдердин тренингдеринен баштап ата-энелердин чогулуштарын, жана ар кандай жолугушууларды өткөрүүгө боло турган жай жасоону чечишти. Мындай бөлмөнү куруу тууралуу чечим өтө деле өзгөчөлөнбөгөнү менен биздин долбоор иштин аткарылышы жана бөлмөнүн сапаттуулугу менен айырмаланды.

Бөлмөнүн көрүнүшү өтө кооз, районубуз боюнча мындай бөлмө бирөө эле. Столдордун стили жана жайгашышы кызматташтык жана достук атмосферасы түзүп турат. Бул долбоор, чынында мектебим жана коомчулук үчүн чоң жетишкендик болду. Албетте, бул ийгилик көптөгөн коомдук өнөктөштөрдүн жардамы жок болбойт эле. Айыл өкмөтү бизди колдоп, кеңештерин берип турду. Мектептин кароолчуларынан баштап мугалимдерине чейин тазалоо жана оңдоо иштерин бекер жүргүзүштү. Окуучулар бөлмөнү кооздоп жасалгалоого жардам беришти. Соңунда, долбоордун көрүнбөгөн каарманы, албетте, мектебимдин мүдүрү болду. Эжей долбоордун үзгүлтүксүз иштешин талыкпай көзөмөлдөп, бардык маселелерди тез жана натыйжалуу чечип берип жатты. Мен ишимдин аягына чейин ыктыярчы катары дагы жамаатым менен көптөгөн долбоорду пландаштырууну, жазууну жана ишке ашырууну чыдамсыздык менен күтөм.



# Сөзсүз
# билдирилген сүйүүлөр

Мен жүрөгүмдө жомокчумун. Мен ар дайым сөздөрдүн окуяларга айкалышын жакшы көрчүмүн. Бирок башында көп сөз билбегендиктен жаңы чөйрөгө чөмүлүү жашоомдогу эң чоң кыйынчылыктардын бири болду. Жаңы адамдар менен таанышкан сайын “сен кыргыз окшойсуң” деп айтышат. Жашоомдо мен көп учурда жат адам болуп келгем, бирок бул жакта “Сен бизге окшошсуң; Сен биз жактыксың» дегендерди уккандагы сезимдеримди түшүндүрүүгө сөз жетпейт. Бул жердеги адамдар мээримдүү, кең пейил жана ачык келишет. Окуучулар мени айылдын кайсы жеринен көрсө да өздөрү билген сөздөрдү колдонуп, “Мен сени сүйөм!”, “Салам!” “Жакшы барыңыз Грейс!” деп кыйкырышат. Мен азыр айылым менен жакшы жуурулушуп, өзүмдү коомдун мүчөсү катары сезем. Үй-бүлөмө ар күнү кечинде үйдү жыйнаганга көмөктөшөм, төшөк салам, жума сайын шаардан момпосуй алып келем. Сабактарда жана ийримдерде окуучуларыма бар күчүмдү жумшайм.






Мага чыныгы сүйүү ар дайым иш-аракеттерден көрүнүп турат деп айтышкан жана мен аны айланамдан көрдүм. Мен бул сезимди мага түрлүү кыргыз көйнөктөрүмдү тигип берген кыргыз апамдан, мени коомдук иш-чараларга чакырган мугалимдеримден, мага бир жакка бара жатсам коштошуп кол булгаган бир туугандарымдан, коридордо колдору менен жүрөкчө көрсөтүшкөн окуучуларымдан, мугалимдер күнүндө алган гүлдөрдөн жана Жалал-Абад шаарында чогу лагман жеген, базарларга чогу барган чыныгы досум деп эсептеген кесиптешимден сездим. Аны менен болгон жылуу мамиле албетте сөздөр менен айтылат.

*Грейс,*
*Тынчтык Корпусунун ыктыярчысы*
*Жалал-Абад облусу*
*Билим берүү программасы*

# Табиятта сейилдөө аркылуу англис тилин үйрөтүү жана окуучулардын **жаратылышты коргоого болгон кызыгуусун арттыруу**



Мен эки жылдан бери Тынчтык Корпусунун ыктыяр-чысы катары Кыргызстандын четиндеги айылда 400дөн ашуун окуучусу бар мектепте 4-7-класстарга англис тилинен сабак берип иштеп жатам. Менин айылым чынында абдан кооз. Мен күн сайын табийгат-тын кооздугуна суктанам. Адегенде эле жакын тоолор, аккан суулар, талаалар көзгө түшөт. Айрыкча жаз жана жай айлары өзгөчө сансыз жапайы гүлдөрү менен кооздолуп турат.

Мен англисче клубдарымда жаратылышта сейилдөөлөрдү уюштурууну жана табият күндөлүктөрүн жазууну чечтим. Жума сайын окуучу-лардын эки тобун мектеп айланасында сейилдөөгө алып барам. Биз дарактарга же канаттууларга, гүлдөргө же курт-кумурскаларга байкоо жүргүзөбүз. Тоолордогу карды карап, кар азбы же көппү деп өткөн жумаларга салыштырабыз. Мезгилдик өзгөрүүлөрдү, дарактарды жана жегенге жарактуу мөмөлөрдү издеп аныктайбыз. Канаттуулардын сайраганынан ал кайсы канаттуу экенин байкайбыз. Байкоолорубузду жаратылыш дептерибизге жазабыз жана сүрөттөрдү тартабыз. Кээде, жөн эле отуруп, айланабызга кулак төшөйбүз.

Биз эмне тапканыбызды талкуулайбыз, суроолорду беребиз, эмне көрүп, эмне кылып жатканыбызга ой жүгүртөбүз. Окуучуларым өз айылын сүйүп, баалап гана тим болбостон, болочокто илимий изденүү үчүн акыл-эсин өстүрсө деп үмүттөнөм. Мен өз мекенинин өзгөчөлүгүн баяндаган жаратылыш дептери алардын көздөрүн ачат деп үмүттөнөм. Бул келечекте өлкөдө өтө маанилүү муктаждык болгон жаратылышты коргоо боюнча иш алып барышына жана түрткү берерээрине ишенем. Менин окуучу-ларым табийгатта сейилдөө, жаратылыш дептерин жазуу менен англис тилин өздөштүрүшөөрүнө жана аларды курчап турган жаратылыш дүйнөсү жөнүндө көбүрөөк маалымат алышаарына ишенем.

*Рут,*
*К-29 Тынчтык Корпусунун ыктыярчысы, Нарын облусу Билим берүү программасы*

# Жаңы үй бүлөм менен **мамиле куруу**

Мен Тынчтык Корпусуна бир жыл мурун кызыкчылык үчүн тапшырган болсом, азыр өзүмдү башка жерде элестете албайм. Талас облусундагы акыркы эки ай мен үчүн эң кызыктуу жана үзүрлүү айлардан болду. Ар бир күн мен үчүн табышмак, алдыда эмне болоорун билбейсиң – конокко баруудан баштап, апама кечкисин тамак жасаганга жардам берүү, мектебимдеги концертке калыстык кылуу менен аяктайт. Мен жаңы айылымды өз үйүмдөй сезүүгө жардам беришкен айылымдагы адамдар менен жылуу мамиле түзүүдөмүн. Менин мектебимдин окуучулары абдан сонун жана алар мага эмне үчүн бул жерде экенимди күн сайын эсиме салып турушат. Мен мектепке келгенде мен окуткан жана башка окуучулардын жылуу тосуп алгандары мага жагат. Мен 7-класстын окуучулары менен Майли Сайрустун "АКШдагы кече" чыгармасы аркылуу жакшы байланыш түзө алдым. Алар бул чыгарманын коштоосунда мен көрсөткөн бийди физикалык көнүгүү катары аткарганды абдан







жактырашат. Мугалимдер күнүнө арналган концертте 9-класстын окуучулары менен кыргыз бийин аткарганыбыз түбөлүккө эсимде сакталып калды. Окуучуларым мени ар дайым айылымдын маанилүү мүчөсү катары көрүшөт. Менден англис тилин үйрөнүүгө гана кызыкпастан, мен жөнүндө терең билүүгө жана достук мамиле курууга умтулган өнөктөш мугалимдерим мага абдан жагат. Жаңы эле иштешип баштаганыбызга карабастан кесиптештеримдин англис тилинин жакшырганын байкадым жана алардын кийинки эки жыл ичинде жетише турган ийгиликтерине күбө болоорума абдан кубанычтамын. Айылдаштарымдын менин жаңы айылымды чыныгы үйүмө айлантканына чоң ыраазычылык билдирем.

*Кэтрин,*
*К-30 Тынчтык Корпусунун ыктыярчысы, Талас облусу*
*Билим берүү программасы*

# Интеграция - Тынчтык Корпусундагы **кызматтын ачкычы**

Быйыл мен жана менин жамаатым көп нерсеге жетиштик. Бир айда гранттык долбоорубузду бүтүрүүгө жетиштик. Компьютер лабораториясын, китепкана, жыйындар залы, ашкана жана башка сонун нерселерди камтыган окуучулар борборун түздүк. Бул долбоорду өз убагында жана бюджет чегинде бүтүрдүк. Бул жай мектептегилердин баарына жакты, себеби ал жерде эс алышат, иштешет же ар кандай ийримдерди, иш-чараларды өткөрө алышат. Мени менен чогуу иштешкен англис тили мугалимдери, окуучуларым да англис тили боюнча жөндөмдөрүн жакшыртып жатышат. Күн сайын чогуу үйрөнүп, чогуу практика кылганга, бири-бирибизге жардам берүү жеңил болуп калды. Окуучулар ийримдерге жана сабактарга көбүрөөк тартылууда. Окуучуларым сабакта да жана сабактан тышкары учурда да дайыма мени менен иштешет. Бул жумушумдун эң дем берүүчү бөлүгү.

Жергиликтүү өнөктөштөр менен иштөө жана аймактык тренингдеримди иштеп чыгуу, жамаатымдан сырткары башка адамдарга жаңы идеяларды жана концепцияларды жайылтууга жардам берди. Социалдык медиа постторун жасаганыбыз жана өркүндөткөнүбүз, өлкөнүн ар кайсы булуң-бурчунан адамдарды англис тили боюнча суроолоруна жооп жана кеңеш алууга тарта алды. Мен аларга тил боюнча жардам берүүгө ар дайым даярмын. Буюрса, быйылкы жыл дагы көбүрөөк ийгиликтердин жана өркүндөөнүн жылы болот деп үмүттөнөм.

*Иэн,*
*К-29 Тынчтык Корпусунун Ыктыярчысы, Нарын облусу*
*Билим берүү программасы*



# Күтүүсүздөн келген **ИЙГИЛИК**

Кээде кызматыңыздын сиз үчүн маанилүү адамдар тарабынан кандай жана эмне үчүн кабыл алынарын эч биле албайсыз. Мен конок үйү бар сонун үй-бүлө менен жашайм. Алардын беш баласы бар, мен алар үчүн тышта ойноло турган оюн уюштургум келди. Көпкө ойлонгондон кийин, Американын жаңы Corn Hole (Корн хол, Жүгөрү чуңкуру) оюнуна токтолдум да, (бирок өзүм бул оюнду эч качан ойногон эмес элем) оюнга керектүү жыгач, боёк, кездеме жана, ошондой эле жүгөрү алдым. Мен балка, араа жана боёк щеткасын колума алып, көз ачып жумганча эле жасап, бул жаңы маданий феноменди дүйнөнүн башка тарабындагы жаңы досторум менен бөлүшүп жаттым.

Ооба, балдарга бул оюн бир жумача жакты. Конок үйүнө келген алардын ар бир досу да бул оюндан ырахат алып жатты, бирок мени таң калтырганы – бул оюндун конок үйү үчүн болгон маанилүүлүгү болду. Биз жума сайын ондогон же андан көп саякатчылардан турган топторду кабыл алабыз, жана көбүнчө алар Европадан, ошондуктан мен башында Бочче же болбосо Буль оюндары үчүн топтомдорду алууну ойлогом, бирок, биздин коноктор бул оюндарды үйлөрүнөн деле ойной алышат жана алар бул жакка жаңы нерселерди байкап көрүү үчүн келишет да, туурабы? Ал эми Жүгөрү Чуңкуру алар үчүн да жаңы эле!

Кээде, ар бир группа бир нече саат түнгө чейин ойноп жыргашты. Бул жамааттык оюн. Ал эми мен дайыма оюн үчүн такталарды сыртка алып чыкканга кубанып жаттым. Менин бөлмөм ойногон жерге жакын болгондуктан, ар дайым баштыктардын тактайга тийип "дабыраган" үнүн укканда, менин кичине аракетимдин натыйжасы, башка өлкөлүк адамдарга гана эмес, менин үй-бүлөм үчүн да эң маанилүү болгонуна абдан сыймыктанып жаттым.

Менин чоңураак долбоорум – шаардагы бир нече конок үйлөрү жана мектептер үчүн кайра иштетүү программасы. Кыргызстандык адам контейнер жасайт, жергиликтүү ишкер таштандыны кайра иштетет жана борборго иштетилген сырьёну жөнөтөт. Бул долбоор "жүгөрү чуңкуру" сыяктуу өтө көңүлдүү эмес, бирок пайдалуу.

*Марк,*
*Тынчтык Корпусунун Ыктыярчысы, Нарын облусу*
*Экология Программасы*



# Кыргызстандын кооз **маданиятына аралашуу**

Жаңы маданиятка аралашууну чочулоо менен кабыл албастан, тескерисинче, жаңы адамдар менен байланышуу жана адамзатты тереңирээк түшүнүү үчүн эң маанилүү мүмкүнчүлүк катары кароо керек. Бул сапарда, сиз өзүңүздүн ыңгайлуу мейкиндигиңизден чыгып, жаңы нерселерди сынап көрүүгө даяр болууңуз өтө маанилүү. Ушундай ой жүгүртүү менен Кыргызстандын бай маданиятынан ырахат алуу бактысына ээ болдум: тойдо сөз сүйлөдүм, даамдуу тамактарды татыдым, эң негизгиси жаңы досторду таптым.

Мен дагы кыргыздарга, алардын маданиятына терең суктандым. Кыргыз эли меймандос, намыстуу, жаңы маданияттарды үйрөнүп билүүгө дилгир келип, ошол эле учурда өз маданиятын бөлүшүүгө чоң маани берет. Чынында эле, мен абдан суктанган нерсе – алардын өз маданиятын муундан-муунга сактап калууга болгон умтулуусу. Үй-бүлөм Куба өлкөсүнөн болгондуктан, биздин маданий баалуулуктарыбызда окшоштуктар жана жакындык бар экенин байкадым. Кыргыз элинин жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” аттуу чыгармасында түшүндүргөндөй, маданиятыбызды, тамырыбызды сактап калуу бул – багытыбызды жана “өзүм” түшүнүгүн сактап калуу үчүн маанилүү. Мына ушундай жагдайда менин 8-класстагы окуучуларымдын бир нече мүнөт “Манас” эпосунан үзүндү айтып жатканын көрүү жана башка ушул сыяктуу көз ирмемдер мен үчүн суктанарлык окуя болду.




Мен Кыргызстанда, мени кабыл алган үй-бүлөм, кесиптештерим жана студенттерим бири-бирибизден үйрөнүүгө дилгир болгон чөйрөнү таба алдык. Кыргызстандын жаштарынын мындан аркы ийгилигине дем берген иштемчил адамдарды да таптым. Мындай демилгелерге жардам берүү мен үчүн зор сыймык.

*Диего,*
*К-30 Тынчтык Корпусунун Ыктыярчысы, Ош облусу Билим берүү программасы*

Peace Corps
KYRGYZ REPUBLIC

# Туроператорлордун өнөктөштүгү Кыргызстандагы туризмди **өнүктүрүү стратегиясынын - ачкычы**



2024-жылдын 4-кварталында биздин Кыргызстандагы Коомчулукка Негизделген Туризм Ассоциациясынын саякат командасы, Кыргызстанды өзүлөрүнүн 2025-жылга карата тур программаларына киргизүүнү сураган, эл аралык туроператорлордун рекорддук сандагы суранычтары менен иш алып барууда. Бул нерсе биздин команда тарабынан сентябрь айында, АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги тарабынан каржыланган, Борбордук Азия Өлкөлөрүн Тааныштыруу Туру иш-чарасын ийгиликтүү өткөрөөр замат башталды. Буга чейин Кыргызстанды саякат программаларына кошпогон 5 чакан саякат операторлору: Индия, Канада, Португалия, Испания жана АКШ өздөрүнүн программаларына 2025-жылы киргизүүнү пландаштырууда.

Кыргызстандын туризмди өнүктүрүү потенциалы талашсыз. Акыркы он жылда Кыргызстанга келген чет элдик туристтердин саны туруктуу өсүүдө. Кыргыз Республикасынын экономика жана соода министрлигине караштуу туризм департаменти 2024-жылдын биринчи жарымында эле Кыргызстандын чек арасынан 1,6 миллион турист өткөнүн, ал эми 2023-жылы Кыргызстанга 8,5 миллиондон ашык турист келгенин айтышкан.

Кыргызстанга келген туристтердин көбү коңшу өлкөлөрдөн келишет, ошондуктан маданий жана укмуштуу окуяларга кызыктар болгон Европанын ири базарларынан жана АКШ өлкөлөрүнөн туристтерди тартуу үчүн пайдаланылбаган потенциалдар бар. Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү программасы учурда өлкөнүн туристтик потенциалы 15-20% гана колдонулуп жатканын белгилейт.

*Ким,*
*Тынчтык Корпусунун Ыктыярчысы, Чүй облусу*
*Экология программасы*

# Менин сонун **американдык эжем**

2023-жыл жашоомдогу эң кызыктуу жана эң сонун жыл болду десем болот. Мунун себеби – Эмили эжем. Эмили жөн эле алыстан келген ыктыярчы эмес, ал биздин үй-бүлөнүн мүчөсү. Келгенде чоң кубаныч, жакшы ниет менен тосуп алып, мүнөзүбүз окшош болгондуктан бат тил табышып кеттик. Бир тууган эжем жок болгондуктан, Эмилинин менин жашоомдогу орду чоң. Биз көп убакытты чогуу өткөрдүк. Каада-салтыбыз, айылыбыз, элибиз жөнүндө сүйлөштүк. Ошондой эле, ал мага Америка элинин каада-салты жана тили жөнүндө көп нерселерди үйрөттү. Американын жана кыргыздын тамактарын чогуу жасадык. Анын үй-бүлөсү менен да абдан жакшы баарлашып калдык. Бул да биздин эки өлкөнүн ортосундагы көпүрөнү бекемдейт деп ойлойм.



Туугандардын, же кошуналардын тойу, же башка иш-чаралар болгондо Эмили менен чогуу барып көрөбүз, ойнойбуз. Эмилиге булардын баары жана тойдогу салттар абдан кызыктуу. Бир жолу тууганыбыздын үйлөнүү тоюнда Эмилини жакшы көрүшкөндүктөн жана урматташкандыктан, ага куттуктоого сөз берип койгондору эстен кетпейт. Ал эмне дээрин билбей мени карады, мен аябай уялып ага карадым. Жакындарыбыз да Эмилини үй-бүлөбүздүн мүчөсү катары кабыл алып, "Бул Айгүлдүн (апамдын) улуу кызы" деп калышат.

Мен кичинекей кезимден бери англис тилине абдан кызыгам жана АКШга барууну кыялданчумун. Эмилинин жардамы менен кыялыма бир кадам жакындадым. Ал мага көптөгөн китептерди берип, ар дайым сынактарга даярдады жана университетке тапшырууга жол көрсөттү.

Чынында Эмилини өзүмдүн бир тууган эжемдей көрөм. Бир жыл бою жалгыз эч жакка барган жокмун, оюм же планым болсо ага айтам, экөөбүз чогуу жасайбыз. Мен Эмилиге жакшы сиңдимин, биздин мамилелер узакка созулат деп ойлойм.

*Аделя,*
*Ыктыярчы Эмилинин сиңдиси*

# Жергиликтүү мугалим, Америкалык **ыктыярчы менен бирге иштешет**

2024-жылдын сентябрь айынан бери Тынчтык Корпусунун ыктыярчысы Виктория Ысык-Көл облусундагы мектебибизде англис тили мугалими болуп иштеп келет. Алгачкы күндөрү Виктория сабактарга катышып, мектеп, окуучулар жана кызматкерлер менен таанышып, алар менен бат эле тил табышып кете алды. Учурда чогуу сабактарды пландап жатабыз. Виктория балдарга абдан кам көрөт. Окуучулар да ага абдан жакшы мамиле кылышат жана сабактарга кызыгуу менен катышышат. Кыска убакыттын ичинде окуучулар жаңы англисче сөздөрдү өздөштүрсө, ал эми ыктыярчы кыргыз тилин тез өздөштүрүп жатат.

Викториянын жардамы менен ийгиликке жетебиз деп ишенебиз. Дагы бир жолу Тынчтык Корпусуна терең ыраазычылык билдиргим келет. Биз чынында Викторияны абдан жакшы көрөбүз.

*Айзада,*
*Ысык-Көл районундагы мектептин англис тили мугалими*



# Англис тилин үйрөнүү - **көңүлдүү**

Ыктыярчы Гэлин менен сабактар эң сонун болуп жатат. Анткени ал жаш, ачык жана студенттер менен тез тил табышат. Аны менен англис тилин үйрөнүү баарыбызга жана класс үчүн кызыктуу деп ойлойм. Мурда классташтарымдын англис тилине мынчалык кызыкканын көргөн эмесмин. Менин да англис тилим, өзгөчө сүйлөө жөндөмүм жакшырып жатат. Гэлин келгенге чейин көп сүйлөй алчу эмесмин. Ыктыярчынын келиши менен сабактар бир топ жандуу жана кызыктуу болууда. Себеби ал бизге сөздөрдү түрдүү лексикалык оюндарды колдонуу менен англис тилин терең үйрөтүүдө.

*Назик,*
*Чүй облусу*
*Мектеп окуучусу*



# Үй-бүлөлөргө жана жамааттарга **ыраазычылык**

Тынчтык Корпусунун Ыктыярчылары иштеген жерлеринде эки жыл бою жергиликтүү үй-бүлөлөрдө жашашат. Бул Тынчтык Корпусунун маданияттар аралык алмашууну жана түшүнүүнү илгерилетүү боюнча негизги максаттарына жетүүнүн маанилүү жолдорунун бири. Ыктыярчынын кызматынын башталышында анын коом менен коопсуз жуурулушуп кетүүсүндө үй-бүлө мүчөлөрү маанилүү ролду ойношот. Бул тыгыз мамилелер аркылуу ыктыярчылар баалуу маданий жана тилдик көндүмдөргө, ал эми кабыл алуучу үй-бүлөлөр өздөрүнүн салты жана билими менен бөлүшүүгө даяр болгон жаңы үй-бүлө мүчөсүнө ээ болушат.

Маданияттар алмашуусунан тышкары, кабыл алуучу үй-бүлөлөр жана ыктыярчылар маңыздуу мамилелерди өөрчүтүп, ал мамилелер көпчүлүк учурда ыктыярчылардын эки жылдык кызматынан кийин да узак убакытка сакталып калат.

Биз, өздөрүнүн үйлөрүнүн эшиктерин жана жүрөктөрүн ачып, америкалык уул-кыздарына мыкты кам көрүп жаткан өлкөдөгү бардык кабыл алуучу үй-бүлөлөргө жана жамааттарга ыраазычылыгыбызды билдиребиз.










Fruit
Horse
Sky


to change the world






Today is the 21st of May
Tuesday
cake, Present, Party, candles
Ceremony
games, fun
ӨРТКӨ КАРШЫ
КООПСУЗДУК
ДЕН СООЛУК



Peace Corps
KYRGYZ REPUBLIC

Веб-сайт

Инстаграм

Фейсбук

Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусу

Дареги: Бишкек ш., Чокморов көч., 304

Тел: +996 312 650494

Email: KG-info@peacecorps.gov